**Кызматкерлерибизди саламаттыгы көңүл чордонунда**

-ОшМУнун ар бир кызматкерине профсоюз комитети тийиштүү камкордуктарды көрүп келет. медициналык клиникада, курорт-санаторийлерге (Ысык-Ата, Көгүлтүр Ысык-Көл, Ала-Тоо, Ысык-Көл, Жети-Өгүз, Кыргызстан, Жалал-Абад) Ошондой эле, Телтору, Жалал-Абад, Мамакеев, Арсланбап, Чарбак, Кочкор-Ата, Бахористон эс алуу путевкалары бар.

Кыш айларына карата "Кыш келгенде билинет, Кымбат турат өмүр, Кадырлагыла аны, Көмүр алгыла, көмүр!" колдоо акциясы болду.

**Майрамдык**

**иш-чараларга да каражаттар бөлүндү**

Окуу жайда даталуу кундөрдү өткөрүүгө да чоң маани берилди. Атап айтсак, ОшМУда кызматкерлердин Жаңы жылды тосуу иш-чаралары өткөрүлүп (факультеттер, колледждер ж.б. структураларга колдоо көрсөтүү), жалпысынан 50 миң сомдун тегерегинде, "Нооруз" майрамын өткөрүүгө (факультеттер, колледждер, жатаканалар ж.б. структураларга колдоо көрсөтүү)

**2019-жылга**

**пландар**

Студенттик Акыйкатчы аппараты менен биргеликте студенттер арасында социалдык камкордук, укуктук кызыкчылыктарды коргоо багытында иш-чаралар жүзөгө ашырылат.

ОшМУга-80 жыл" иш-чарасынын алкагында "ОшМУдагы социалдык өнөктөштүктүн орду жана мааниси" аталыштагы китеп чыгарабыз.

Ректорат менен профком ортосунда кызматкер менен студенттин социалдык жана укуктук кызыкчылыктарын коргоо максатында 2019-2020-жылдарга карата Жаматтык келишимди кабыл алабыз. Турак-жайга муктаж кызматкерлерибиздин маселелерин чечүү максатында Ош шаардык муниципиалдык ипотека, мамлекеттик ипотека, альтернативалык ипотека компаниялары менен биргеликте ОшМУнун турак-жай куруучулар фондун түзүп, ал аркылуу да иштерди жүргүзөбүз.

Ипотекалык үйлөрдү алууда кызматкерлердин социалдык абалына жараша жеңилдиктер каралууда

Буга чейин ОшМУда иштеген кызматкерлердин 26сы Ош шаардык муниципиалдык, 115и мамлекеттик, 2 адам альтернативалык ипотекадан үй алышкан. Мындан ары да ипотекалык үй алууга кызыкдар кызматкерлерге жеңил шарттарды түзүү максатында тиешелүүлөр менен жыйын болуп өттү. Ага Ош шаардык мэриясынын жеке турак жай куруу, жер пайдалануу жана турак жай маселелери боюнча департаментинин жетекчиси Таймураз Исакжанов, Ош шаарынын мэриясынын алдындагы «Турак жай курулушун өнүктүү, инвестиция жана инновациялык технологиялар фонду» муниципалдык ишканасынын

жетекчиси Кутманалы Абдырахман уулу, ОшМУнун турак-жай куруучулар фонду, West way Elet, Курулуш инвест компанияларынын өкүлдөрү ипотекага үйлөрдү алуу боюнча суроолорго жооп берди.

Кутманалы Абдырахман уулу:

- Өкмөттүк жана муниципиалдык ипотекалардын шарттарын өзгөртүү боюнча, тактап айтканда социалдык абалына жараша айрым адамдарга проценттик төлөмдөрдү же муниципиалдык ипотека менен берилген батирлердин бааланышын кайра эсептеп арзандатуу боюнча сунуштарыбыз каралып жатат. Ош шаарынын эсебинен биринчи жолу ипотекалык негизде курулуучу көп кабаттуу үйдүн долбоору даярдалууда. Долбоор аяктап, тендер жарыяланса көп кабаттуу үйдун курулушу шаардагы Курманжан датка көчөсүндө башталат. Ал дал ушул курулуп жаткан көп кабаттуу үйдөн ОшМУнун кызматкерлери да алууга толугу менен укуктуу-деди.

Ал эми ОшМУнун профсоюз комитетинин төрагасы Абдыжапар Аккулов ипотекалык үйлөр боюнча буларды айтты:

-Учурда документ тапшырган 100 дөй адам кезегин күтүп турат. ОшМУнун алдында турак-жай куруучулардын фондун түзүү боюнча иштер жүрүүдө. Ош шаардык мэриясы бизге жер участогун бөлүп берсе, курулуш компаниялары менен биргеликте аракеттенип баштайбыз. Учурда мындай жол менен турак-жай алууга 85 адам арыз берген.